# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Баткен облусунун юстиция башкармалыгы
Юридикалык жакты
2020 жылдын 23-декабрьда
мамлекеттик кайра каттоодон өткөрдү
Күбөлүктүн сериясы жана номуру ГПЮ-0034811
Алгачкы каттоо күнү 24.01.2014 г.
Управление юстиции Баткенской области
_______ года
произвело государственную
перерегистрацию юридического лица
серия и номер свидетельства ________
Дата первичной регистрации


"Кызыл-Кыя колледжи"
мекемесинин уюштуруучуларынын
мамлекеттик кайра каттоо жөнүндөгү
2020-жылдын 17-декабрындагы
№2 чечими менен бекитилген

# Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин УСТАВЫ

Кызыл-Кыя шаары 2020-ж.

# Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин

# УСТАВЫ

## 1. Жалпы жоболор

**1.1**. Ушул Устав Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине, Кыргыз Республикасынын «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзамына жана башка укуктук ченемдик актыларга ылайык иштелип чыккан жана «Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжи» мекемесинин ишинин тартибин аныктайт.

**1.2.** «Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжи» мекемеси (мындан ары– «КИПК»). Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин, «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын башка укуктук ченемдик актыларынын негизинде түзүлдү.

**1.3.** КИПК Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет элдик жарандарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык мектепке чейинки билим берүү,башталгыч билим берүү,негизги орто билим берүү, жалпы орто билим берүү жана кошумча кесиптик, баштапкы кесиптик, орто кесиптик билим берүү программаларын тиешелүү деңгээлде ишке ашырууну акы төлөө менен жүргүзүүчү жеке билим берүү мекемеси болуп саналат.

**1.4.** КИПК өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексин, Кыргыз Республикасынын «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзамын, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамын, Кыргыз Республикасынын башка укуктук ченемдик актыларын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлигинин билим берүү тармагындагы жоболорун, укуктук актыларын жана ушул Уставды жетекчиликке алып жүргүзөт.

**1.5.** КИПК юридикалык жак болуп саналат жана өздүк бухгалтердик балանска ээ болот.

**1.6.** КИПК банк мекемелеринде өздүк эсептик жана башка эсептерди ачууга, мамлекеттик жана расмий тилдерде аталыштары түшүрүлгөн мөөрүн, бурчтук штамптарын, КИПКнин реквизиттери түшүрүлгөн фирмалык бланктарын жасатууга укуктуу.

**1.7.** КИПКнин толук аталышы:

Мамлекеттик тилде: **«Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжи»** мекемеси;

Расмий тилде: Учреждение **«Кызыл-Кийский индустриально-педагогический колледж».**

**1.8.** КИПКнин кыскартылган аталышы: Мамлекеттик тилде: **«КИПК» Мекемеси;**

Расмий тилде: **Учреждение «КИПК»;**

**1.9.** КИПКнин юридикалык дареги: 715200, Кыргыз Республикасы, Баткен облусу, Кызыл-Кыя шаары.И.Жусубалиев көчөсү, 126.

**1.10.** КИПКнин уюштуруучулары:

1.**Муратова Латифа, Кыргыз Республикасынын жараны,паспорт №2287698, 06.04.2011 күнү МКК 50-48 берилген,т.ж.23.02.1958,ИНН 12302195800347.**

**2. Анарбаев Нуртай Абдирасулович,КР жараны,паспорт №ID0114681,МКК 213031 от 18.07.2017,т.ж.26.08.1989.ИНН 22608198901569.**

**3. Тайирова Назгүл Миталиповна,КР жараны,паспорт №ID0469447,МКК 212011 от 22.12.2017,т.ж.11.03.1986,ИНН 11103198601731.**

**1.11.** КИПКнин ишмердүүлүгүнүн мөөнөтү чектелбеген жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш-аракетин токтотконго чейин иш алып барат.

**1.12.** Ушул Уставда каралбаган маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.

## 2. Колледждин максаты, миссиясы жана милдеттери

**2.1. Колледждин ишмердүүлүгүнүн максаты –** ***Кыргыз Республикасынын билим жана илим Министрлиги тарабынан берилген лицензиялардын негизинде билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талабына ылайык окуучуларга мектепке чейинки,баштапкы,негизги орто, жалпы орто билим берүү жана адистиктер боюнча кошумча, баштапкы, орто кесиптик билимдеги адистерди даярдоо.***

**2.2. Колледждин миссиясы:**

- ***Мезгилдин талаптарына жооп берген кесипкөй, компетенттүү, атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо, мыкты билимге ээ болгон окуучуларды тарбиялоо;***
- ***Республикадагы алдыңкы колледждердин катарына кирүү.***

**2.3. Колледждин негизги милдеттери:**

-жашы мектеп курагына жеткен балдарды кабыл алуу менен сапаттуу башталгыч билимге ээ болгон окуучуларды,милдеттүү негизги орто билимге ээ болгон бүтүрүүчүлөрдү тарбиялоо:

- 9-класстын базасында окуучуларды кабыл алуу менен мыкты жалпы орто билимге ээ болгон бүтүрүүчүлөрдү тарбиялоо;

- адистиктер боюнча теориялык жана практикалык терең билими бар кошумча, баштапкы жана орто кесиптик билимдеги адистерди даярдоо;

- базар экономикасынын, өндүрүштүн, илимдин, техниканын, маданияттын талаптарын жана алардын өнүгүү перспективаларын эске алып, адистерди даярдоонун сапатын дайыма жогорулатып туруу;

- юридикалык жана жеке тараптар менен түзүлгөн келишим боюнча кадрларды даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;

- билим берүүгө, илимге, өндүрүшкө, маданиятка жана жаштарды тарбиялоого байланышкан проблемаларды чечүүгө багытталган гуманитардык, информациялык-техногиялык жана табигый илимий изилдөө иштерин, педагогикалык эксперименттерин уюштуруу жана өткөрүү;

- окуу китептерин, окуу-усулдук колдонмолорду жана көрсөтмөлөрдү даярдап чыгаруу;

- илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо;

- даярдоо курстарын уюштуруу;

- колледждин материалдык-техникалык базасын чыңдоо;

- колледждин максатын жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн чет өлкөлүк билим берүү мекемелеринин, фонддорунун жана башка юридикалык жана жеке адамдардын каражаттарын тартуу;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык колледжге башка билим берүү мекемелеринен, кесиптик окуу жайлардан жана чет мамлекеттерден жогорку квалификациялуу адистерди жумушка тартуу;

- окуу, окуу-усулдук, илимий, илимий-усулдук, илимий-өндүрүштүк, тажрыйба жүргүзүүчү бөлүмдөрдү (цехтерди), лабораторияларды ачуу;

- илимдин жетишкендиктерин калкка жеткирүү жана таратуу;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка ишмердүүлүктү жүргүзүү;

- Кыргыз Республикасында билим берүүнү мындан ары өркүндөтүү үчүн билим берүүнүн жаңы муундагы стандарттарын иштеп чыгуу жана өз учурунда сунуш берип туруу.

### 3. Студенттерди жана окуучуларды кабыл алуу жана окуу процессин уюштуруу

**3.1.** Колледждин студенттеринин катарына кабыл алуу жалпы негизги, жалпы орто, кесиптик орто жана кесиптик жогорку билими бар, колледж уюштурган аңгемелешүү же кирүү сынагынан тиешелүү упай алган жана конкурстан өткөн абитуриенттерге үзгүлтүксүз жүргүзүлөт. Окуу күндүзгү жана сырткы (дистанттык окутуу техногияларын пайдалануу) формалары боюнча жүргүзүлөт. Колледжге кабыл алуу бекитилген жобого ылайык жүрөт.

**3.2.** Колледждин окуучуларынын катарына окуучунун ата-энесинин же алардын милдетин аткаруучулардын арыздарынын, окуучунун өз арызынын негизинде Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн жарандары кабыл алынат.

**3.3.** Колледждеги окуу иштери билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын негизинде түзүлгөн окуу пландарына ылайык жүргүзүлөт.

**3.4.** Колледждин студенттеринин контингенти төмөнкүлөрдүн эсебинен түзүлөт:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган мамлекеттик буйрутманын;

- ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын тапшырыктарынын;

- жеке адамдар менен түзүлгөн келишимдердин;

- чет өлкөлүк фирмалар жана жарандар менен өз ара түзүлгөн келишимдердин;

**3.5.** Колледждин окуучуларынын контингенти төмөнкүлөрдүн эсебинен түзүлөт:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйрутмаларынын негизинде;

- ишканалардын, мекемелердин, билим берүү уюмдарынын, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын багыттамаларынын негизинде;

- окуучунун ата-энесинин же алардын милдетин аткаруучунун арыздарынын негизинде;

- окуучунун өз арызынын негизинде;

**3.6.** Колледжде окуу процесси төмөнкүдөй формаларда жүргүзүлөт: лекция, лабораториялык жумуш, практикалык жана семинардык сабактар, курстук иш (курстук долбоор), консультация, текшерүү иши, модулдарды тапшыруу, студенттер менен жекече иштөө, студенттердин өз алдынча иштөөсү, окуу-таанышуу, окуу-эсептөө, педагогикалык, өндүрүштүк адистик жана башка окуу планында көрсөтүлгөн практикалар.

**3.7.** Студенттердин практикасы «Студенттердин практикасы» жөнүндөгү жобого ылайык жүргүзүлөт. Практика өтүү үчүн студенттер белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлүк ишкана-мекемелерге, уюмдарга, билим берүү мекемелерине бекитилет.

**3.8.** Аудиториялык сабактардын бардык түрлөрүн өткөрүү үчүн узактыгы 45-50 мүнөттөн турган академиялык саат бекитилет жана ар бир академиялык сааттын арасында 5 мүнөттөн кем эмес тыныгуу каралат.

**3.9.** Окуу жылы окутуунун күндүзгү формасы үчүн 1-сентябрдан башталып, окуу планына ылайык бүтөт. Окуу жылы эки семестрге бөлүнөт жана алардын ар бири сынактык сессия менен аяктайт. Сабактар семестр үчүн түзүлгөн жадыбалга ылайык жүргүзүлөт. Окутуунун сырткы (дистанттык окутуу технологияларын пайдалануу) формаларында окуу жылы окуу планына ылайык аныкталат. Каникулдардын так мөөнөтү жана узактыгы студенттердин адистигине жараша окуу планы менен аныкталат.

**3.10.** Колледждин студенттеринин, окуучулардын жетишүүсү баалар («эң жакшы», «жакшы», «канааттандырарлык», «канааттандырарлык эмес», «өттү», «өткөн жок») менен

жана «Баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын» жобосунда көрсөтүлгөн упайлар (баллдар) менен аныкталат.

**3.11**. Сабактарды өздөштүргөн студенттерди курстан-курска көчүрүү, тикелөө, адистигин өзгөртүү, окуудан чыгаруу жана башка окуу жайга которуу «Студенттерди которуу жана тикелөө» жөнүндөгү атайын Жобого ылайык жүргүзүлөт.

**3.12.**Сабактардан толук жетишкен окуучулар класстан-класска көчүрүлөт жана көчүрүү, окуудан чыгаруу, тикелөө иш ченемдери «Окуучулардын көчүрүү жана тикелөө» жөнүндөгү атайын Жобого ылайык жүргүзүлөт.

**3.13.** Колледжде окутуу кыргыз, орус жана зарыл учурда башка тилдерде жүргүзүлөт.

**3.14.** Чет өлкөлөрдүн жарандары колледждин студенттеринин жана окуучуларынын катарына жалпы эрежелерге ылайык кабыл алынат, алар ушул Уставда көрсөтүлгөн милдеттерди аткарат жана укуктарга ээ боло алышат.

**3.15.** Студенттерди жана окуучуларды сабак учурунда окуу жараянына тиешеси жок жумуштарга тартууга мүмкүн эмес, өзгөчө абалда, макулдашуунун негизинде, мүмкүнчүлүк берилет.

**3.16.** Колледждин ишмердүүлүгүнө ар түрдүү саясий партиялардын кийлигишүүсүнө мүмкүнчүлүк берилбейт. Сабак учурунда түрдүү саясий партиялардын, диний уюмдардын жана коомдук бирикмелердин үгүттөө иштерин жүргүзүүсүнө тыюу салынат.

**3.17.** Тарбиялык иш-чаралар окутуучулар менен студенттердин, окуучулардын биргелешкен окуу, илимий, чыгармачылык, өндүрүштүк жана коомдук ишмердүүлүгүндө ишке ашырылат.

## 4. Студенттердин, окуучулардын, окутуучулардын жана кызматкерлерлин укуктары жана милдеттери

**4.1**. Студентке студенттик билет жана зачеттук китепче берилет.

**4.2.** Студенттердин жана окуучулардын укуктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, укуктук ченемдик актыларына, колледждин Уставына жана башка тиешелүү жоболорго ылайык аныкталат.

**4.3.** Чет өлкөлүк студенттерди жана окуучуларды окутуу колдонуудагы мыйзамдарга, укуктук ченемдик актыларга жана колледждин Уставына жана башка тиешелүү жоболорго ылайык ишке ашырылат.

**4.4.** Окуу юридикалык жана жеке жактар менен түзүлгөн келишимдин негизинде акы төлөө менен жүргүзүлөт. Окуу акысы колледждин каржылык комитети тарабынан талкууланып, аныкталгандан кийин колледждин директору тарабынан бекитилет.

**4.5.** Студенттер төмөндөгүлөргө укуктуу:

- билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде билим алууга;

- окуу жайлардын жетекчилеринин ортосунда түзүлгөн келишимдердин негизинде башка окуу жайдагы сабактарга академиялык мобилдүүлүк боюнча катышууга;

- коомдук уюмдар жана колледждин башкаруу органдары аркылуу колледждин ишмердүүлүгүндөгү маанилүү маселелерди талкуулоого жана чечүүгө катышууга;

- китепкананын, маалымат фондунун, окуу, окуу-усулдук, илимий, илимий-усулдук, дарылоо жана башка бөлүмдөрдүн кызматтарынан пайдаланууга;

- илимий-изилдөө иштеринин бардык түрлөрү боюнча конференцияларга катышууга, макалаларын басмага даярдоого;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде колледждин буйруктары жана көрсөтмөлөрү боюнча өз ойлорун билдирүүгө;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана колледж тарабынан белгиленген жеңилдиктер менен укуктардан пайдаланууга.

**4.6.** Күндүзгү бөлүмдүн студенттери сабактан бош мезгилинде колледжде, ишкана-мекемелерде, уюмдарда жана фирмаларда иштөөгө укугу бар.

**4.7.** Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:

- билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде билим алууга

- китепкананын, маалымат фондунун, окуу, илимий, дарылоо жана башка бөлүмдөрдүн кызматтарынан пайдаланууга;

- өзүнүн оюн, көз карашын эркин айтууга, билимине жана билгичтигине жараша адилеттүү баа алууга;

- чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн өстүрүү жана кам көрүү аркылуу өзүн-өзү өнүктүрүүгө;

- эне тилин сүйүүгө жана маданиятын сыйлоого;

- окуу жана интеллектуалдык, тарбиялык иштердин бардык түрлөрү боюнча конференцияларга, таймаштарга, олимпиадаларга катышууга;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана колледж тарабынан белгиленген жеңилдиктер менен укуктардан пайдаланууга;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде колледждин буйруктары жана көрсөтмөлөрү боюнча өз ойлорун билдирүүгө;

- колледждин башкаруу жана коомдук уюмдары аркылуу колледждин ишмердүүлүгүндөгү маанилүү маселелерди талкуулоого жана чечүүгө катышууга;

**4.8.** Студенттердин жана окуучулардын милдеттери:

- сабактарга үзбөй катышуу, сапаттуу билим алууга умтулуу;

- окуу планында жана программаларында көрсөтүлгөн бардык тапшырмаларды өз убагында аткаруу;

- колледждин Уставын, ички тартибин, китепкана, маалымат фонддорунан жана мүлкүнөн пайдалануу да эрежелерди сактоо.

**4.9.** Окуудагы жетишкендиктери жана илимий-изилдөө иштерине активдүү катышкандыгы үчүн, колледждин дирекциясы студенттерге жана окуучуларга түрдүү формадагы моралдык жана материалдык кызыктырууларды уюштурат. Жобонун негизинде окуу акысын төлөөдө жеңилдик берет. Эң жакшы жетишкен жана активдүү студенттерге колледждин Педагогикалык кеңешинин чечиминин негизинде түрдүү стипендиялар дайындалат.

**4.10.** Окуу планын ийгиликтүү аткарган студенттер кесиптик (кошумча, баштапкы) орто билими жөнүндө диплом (сертификат, күбөлүк) алышат. Ал эми окуучулар болсо аттестат алышат,жетишүү тастыктамаларын алышат..

**4.11**. Окуу планын жана Уставда көрсөтүлгөн милдеттерди аткарбагандыгы, ички тартипти бузгандыгы үчүн студенттерге жана окуучуларга түрдүү чаралар көрүлөт, ошондой эле окуу акысы кайтарылбай студенттердин жана окуучулардын катарынан чыгарылат

**4.12.** Колледжде илимий-педагогикалык, инженердик, чарбалык, өндүрүштүк жана башка кызматтар каралган.

**4.13**. Колледждин илимий-педагогикалык, окуу-көмөкчү жана административдик-чарбалык кызмат орундарына жумушка кабыл алуу конкурстук тандоо аркылуу эмгек келишимин түзүү менен жүргүзүлөт.

**4.14.** Колледждин илимий-педагогикалык кызматкерлери жумуш убактысы ченемделбеген убакыттагы жумуш аткарууга, кыскартылган жумуш жумасына жана акы төлөнүүчү эмгектик өргүү алуу укугуна ээ. Илимий-педагогикалык курамдын окуу жүктөмдөрү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген тиешелүү типтеги жана түрдөгү билим берүү уюму жөнүндөгү типтүү жобо менен каралган жана алардын квалификациясына жана ишмердүүлүктүн өзгөчөлүгүнө жараша убакыт–ченемдерине ылайык аныкталат.

**4.15.** Колледждин илимий-педагогикалык, окуу-көмөкчү жана административдик-чарбалык кызматкерлеринин төмөнкүдөй укуктары бар:

- инсандын намысынын жана аброюнун колледж тарабынан корголуусуна;

- өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүн камсыздоого;

- колледждин ичинде айкалыштырып иштөөгө;

- колледждин Педагогикалык кеңешине шайлоого жана шайланууга;

- колледждин Педагогикалык кеңешинде жана башка колледждин башкаруу органдарында окуу, илимий, чыгармачылык жана өндүрүштүк ишмердүүлүгүндөгү маанилүү маселелерди талкуулоого;

- колледждин лабораторияларынын, кабинеттеринин, аудиторияларынын, окуу залдарынын, китепканасынын, ошондой эле компьютердик борборлордун жана башка социалдык, дарылоо бөлүмдөрүнүн кызматтарынан пайдаланууга;

- окутуучу сабактардын жогору сапатын, илимий-изилдөө иштеринин жана руханий өнүгүүнү камсыз кылуунун алкагында сөз эркиндигине;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде колледждин дирекциясынын буйруктары жана көрсөтмөлөрү боюнча өз оюн билдирүүгө.

**4.16**. Окуу, усулдук, илимий, тарбиялык жана башка Уставда каралган ишмердүүлүгү үчүн колледждин окутуучуларына, кызматкерлерине моралдык жана материалдык кызыктыруулар каралат.

**4.17.** Колледждин окутуучуларын жана башка кызматкерлерин жумуштан бошотуу келишимдин мөөнөтү бүткөн соң же Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык жүргүзүлөт.

**4.18**. Колледждин алдында кесиптик кошун, камкорчулар кеңеши, аксакалдар кеңеши жана башка коомдук уюмдар, фонддор түзүлүшү мүмкүн, алардын ишмердүүлүгү өздөрүнүн жобосу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан жөнгө салынат.

**4.19**. Колледждин окутуучулары жана кызматкерлери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан аныкталган башка укуктарга да ээ болот.

**4.20.** Колледждин илимий-педагогикалык, окуу-көмөкчү жана административдик-чарбалык кызматкерлери төмөндөгүлөрдү аткарууга милдеттүү:

- педагогикалык процесстин жана жүргүзүлүүчү илимий изилдөөлөрдүн жогорку натыйжалуулугун камсыз кылууга;
- өз үлгүсү менен студенттерди жалпы адамзаттын баалуулуктарынын негизинде тарбиялоого жана аларда өз алдынчалыкты, демилгелүүлүктү, чыгармачылык жөндөмдү өнүктүрүүгө:
- окуп жаткандардын инсандык сапаттарын урматтоого жана алардын маданий, денелик жактан өнүгүүсүнө кам көрүүгө;
- жогорку илимий деңгээлди камсыз кыла алгыдай илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө;
- өзүнүн кесиптик жана жалпы маданий деңгээлин тынымсыз жогорулатууга;
- колледждин ушул Уставында айтылгандарды кынтыксыз аткарууга, ички тартипти сактоого, колледждин мүлкүнө сарамжалдуу мамиле кылууга;
- окуу-көмөкчү кызматкерлердин укуктары жана милдеттери ички тартиптин эрежелери жана кызматтык нускоолор (инструкциялар) аркылуу аныкталат;

**4.21**. Ар бир окутуучунун, кызматкердин же жумушчунун жекече салымы үчүн дирекция тарабынан негизги эмгек акысынын үстүнө убактылуу кошумча акы каралышы мүмкүн, бул кошумчанын чектүү өлчөмү болбойт.

## 5. Колледждин укуктары

**5.1.** Колледж өзүнүн алдына коюлган максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн

төмөндөгүлөргө укуктуу:

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына каршы келбеген зарыл чечимдерди кабыл алууга;
- өзүнүн уюшулуу түзүмүн иштеп чыгууга, илимий-педагогикалык курамдын, студенттердин, окуучулардын интелектуалдык потенциалын максималдуу пайдаланууну камсыз кылууга жөндөмдүү болгон эмгекти уюштуруунун формаларын жана стимулдаштырууну аныктоого;
- өзүнүн базасында окуу комплекстерин жана башка түзүмдөрдү, бөлүмдөрдү түзүүгө, алардын кызмат көрсөтүү чөйрөсүн кеңейтүүгө, ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрүн киргизүүгө жана рентабелдүү эместерин жоюуга;
- кыска мөөнөттүү атайын курстарды ачууга;
- пайда болгон эмгек акы фондунун чектеринде штаттык жадыбалдарды түзүүгө жана бекитүүгө;
- иштегендерге эмгек акы төлөөнүн түрлөрүн жана системасын аныктоого, ошондой эле жамааттын жана ар бир иштөөчүнүн эмгек салымына ылайык каражатты багыттуу пайдаланууну тандоого;
- жабдууларды балансатан балансака өткөрүүгө же реализациялоого;
- жараксыз абалга жеткен же эскирген негизги материалдык каражаттарды жана башка баалуулуктарды каралган тартипте баланстан чыгарып салууга;
- уюмдарга жана жарандарга мыйзам тарабынан каралган тартипте кызмат көрсөтүү боюнча ишмердүүлүктү ишке ашырууга, аларга акы төлөтүп көрсөтүлүүчү түрдүү кызматтардын сметасын бекитүүгө, юридикалык жана жеке жактар менен келишим түзүүгө;
- өз фондунун эсебинен зарыл жабдууларды жана башка материалдык ресурстарды юридикалык жана жеке жактардан сатып алууга, ижарага алууга же буйрутма берүүгө;
- пайдаланылбай турган бөлмөлөрдү, жабдууларды, инвентарларды, материалдарды жана башка ресурстарды ижарага берүүдөн же реализациялоодон түшкөн каражатты материалдык-техникалык жана социалдык базаны кеңейтүүгө пайдалануу үчүн өз карамагында калтырууга;
- социалдык базаны, ден соолукту чыңдоочу, спорттук жана маданий мекемелердин тармагын өнүктүрүүгө;
- колледждин Ардак наамдарын негиздөөгө жана ыйгарууга, окуу-усулдук, илимий иштерди аткарууда жана башка ишмердүүлүктө сиңирген эмгеги үчүн колледждин атайын сыйлыгын уюштурууга жана аны Кыргыз Республикасынын жарандарына, чет өлкөлүк жарандарга ыйгарууга.

**5.2.** Колледжге таандык болгон укуктар анын директору жана милдеттердин бөлүштүрүлүшүнө ылайык директордун орун басарлары тарабынан, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдарда каралгандыгына жараша кесиптик кошун менен макулдашып ишке ашырылат.

**5.3.** Колледж Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык башка укуктарды да ишке ашырылышы мүмкүн.

## 6. Мүлкү, каражаттары жана каржылык-чарбалык ишмердүүлүгү

**6.1.** Колледждин мүлкү студенттерден, окуучулардан окутуу акысы үчүн түшкөн каражаттын, колледждин ишмердүүлүгүнөн алынган же иштеп чыгарылган продукциядан түшкөн кирешенин, насыялардын, гранттардын жана аларды алмаштыруучу каражаттардын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан тыюу салынбаган башка негиздерде алынган мүлктүн эсебинен түзүлөт. Окутуу акысынын өлчөмү колледждин каржылык комитети тарабынан талкууланат жана сунушталган калькуляцияны колледждин директору бекитет. Окутуу акысы Педагогикалык кеңеш көрсөткөн мөөнөттөрдө төгүлөт:

- колледж өзүнүн балансындагы окуу корпустарына, жатаканаларга, ашканаларга,
- буфеттерге, кампаларга, устаканаларга жана маданий-турмуш тиричилик объектилерине, окуу-илимий максаттагы инвентарларга, приборлорго жана башка предметтерге ээ болот жана булардын сакталышы, өнүктүрүлүшү, толукталышы, жайгаштырылышы жана пайдаланылышы атайын жоболор, нускоолор жана ченемдер менен аныкталат;
- колледж кесиптик кошунга жана колледждин башка уюмдарына алардын иш жүргүзүүсү үчүн зарыл болгон бөлмөлөрдү акысыз пайдаланууга берет;
- колледж өзүнүн имараттарын же бөлмөлөрүн өз жамаатын тейлеген медициналык-санитардык мекемеге, ашканага ж.б. акысыз же келишимдин негизинде бере алат.

**6.2.** Колледждин кызматкерлери, студенттери жана окуучулары колледждин мүлкүнө сарамжал мамиле жасоого, имараттарды, бөлмөлөрдү, курулмаларды жана жабдууларды туура пайдаланууга милдеттүү. Мүлктү жараксыз абалга алып келген, колледжге материалдык же моралдык зыян келтирген жактар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана укуктук ченемдик актыларына ылайык жоопкерчилик тартат.

**6.3**. Кошумча каражат алуу үчүн колледж «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамдын, «Кесиптик орто окуу жайлар жөнүндөгү» жобонун негизинде Камкорчулар кеңешин, ассосацияларды, союздарды, өндүрүштүк цехтерди, кичи ишканаларды, биргелешкен ишканаларды ача алат жана аларга кире алат, юридикалык жана жеке жактарга түрдүү кызматтарды көрсөтө алат. Контракттык негизде окутуудан алынган каражаттарды Кыргыз Республикасынын лицензиясы бар акционердик банктарынын депозиттик эсебине жайгаштыра алат.

**6.4.** Окуу, илимий жана өндүрүштүк ишмердүүлүктөн алынган бардык каражаттар колледждин балансына түшүрүлөт.

**6.5.** Колледж өз каражаттарынын эсебинен айрым кызмат орундарын киргизүүгө, анын эмгек акысын төлөөнүн формасын, кошумча акынын жана сыйлыктын өлчөмүн аныктоого укуктуу.

**6.6**. Колледждин каржылык же чарбалык ишмердүүлүгүндө пайда болгон бардык чыр-чатактар мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте чечилет.

**6.7.** Мыйзамдарда тикеден-тике көрсөтүлгөн учурларды эске албаганда, колледждин ар кандай мүлкүн тартып алууга жол берилбейт.

**6.8**. Колледждин мыйзамдуу укуктарын бузуу менен ага келтирилген зыян Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык толугу менен калыбына келтирилет.

## 7. Колледждин түзүмдөрү жана аны башкаруу

**7.1.** Колледждин курамына бөлүмдөр, кафедралар, секциялар, китепканалар, борборлор жана ушул Уставдын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде түзүлгөн башка түзүмдөр кирет.

**7.2.** Колледж бирдиктүү окуу-тарбиялык жана илимий-изилдөө комплекси катары иш жүргүзөт.

**7.3.** Колледждин бирдиктүүлүгү төмөндөгүлөр аркылуу камсыздалат:
- колледждин бардык түзүмдөрүнүн максатынын жана башкы милдетинин жалпылыгы;
- директордун буйругунун жана Педагогикалык кеңештин чечимдеринин бардык түзүмдөр тарабынан аткарылышынын милдеттүүлүгү;
- кадр саясатынын бирдиктүүлүгү;
- бардык түзүмдүк бөлүмдөрдүн жана алардын жетекчилеринин директор алдында эсеп берүүчүлүгү.

**7.4.** Колледждин курамына кирген түзүмдүк бөлүмдөрдүн өз ара мамилелери колледждин Уставы жана башка ченемдик актылары аркылуу аныкталат.

**7.5.** Колледждин окуу, илимий, чарбалык же башка ишмердүүлүгүнө мамлекеттик башкаруу органдарынын кийлигишүүсүнө колледж тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бузулган учурда гана жол берилет.

**7.6.** Колледжди башкаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Билим берүү жана илим министрлигинин Жоболоруна, ченемдик актыларына жана ушул Уставга ылайык ишке ашырылат.

**7.7.** Педагогикалык кеңеш колледждин жогорку органы болуп саналат жана ал педагогикалык кеңеш жөнүндөгү Жобого ылайык аракеттенет. Педагогикалык кеңеш илимий-педагогикалык курамынан (75-80%), ошондой эле иштөөчүлөрдүн башка категориясынан (20-25%) шайланат. Педагогикалык кеңештин мүчөлөрү колледждин директору тарабынан бекитилет.

**7.8.** Колледжди түздөн-түз башкаруу директор жана директордун орун басарлары тарабынан ишке ашырылат.

**7.9**. Колледждин директорун кызматка дайындоо же аны жумуштан бошотуу уюмдаштыруучу тарабынан ишке ашырылат. Ал эми директордун орун басарларын жана башкы эсепчини кызматка дайындоо, аны жумуштан бошотуу же башка кызматка которуу уюмдаштыруучунун макулдугу менен жүзөгө ашырылат.

**7.10**. Директор колледждин бардык иштерин Кыргыз Республикасынын Конститутциясын, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министлигинин Жоболорун, укуктук ченемдик актыларын, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин, ушул Уставды, Педагогикалык кеңештин чечимдерин жетекчиликке алуу менен уюштурат, анын абалы жана ишмердүүлүгү үчүн толук жооптуу болуп эсептелет. Директор колледж боюнча буйруктарды чыгарат жана Эмгек кодексине ылайык кызматкерлерди жумушка кабыл алат.

**7.11.** Колледждин директору Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамында, «Кесиптик орто окуу жайлар» жөнүндөгү Жободо жана ушул Уставда каралган төмөнкү укуктарын жана милдеттерин ишке ашырат;

- бардык мекемелерде, ишканаларда жана уюмдарда колледждин өкүлү катары иш алып барат;

- колледждин мүлкүнө жана анын каражаттарына ээлик кылат, келишимдерди түзөт, ишеним кат берет, банкта эсеп ачат;

- өз ыйгарымынын чектеринде колледждин бардык кызматкерлери жана студенттери тарабынан аткарылууга милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат, көрсөтмөлөрдү берет;

- колледждин илимий-педагогикалык курамынын жана башка кызматкерлеринин штаттарын бекитет;

- колледждин түзүмдүк бөлүмдөрүн өз алдынча түзөт;

- колледждин кызматкерлерине коюлуучу квалификациялык талаптарды бекитет;

- өзүнүн орун басарларын жана башкы эсепчини дайындоо же кызмат ордунан бошотуу боюнча буйрук берет;

- директордун орун басарларынын жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин функционалдык милдеттерин бекитет;

- кадрларды тандоого, жумушка жайгаштырууга жана тарбиялоого, ошондой эле жамааттагы моралдык-психологиялык климатка жооп берет;

- кызматкерлерди жумушка кабыл алат жана жумуштан бошотот. Илимий-педагогикалык курамдын, окуу-көмөкчү жана административдик чарбалык кызматкерлердин кызмат ордун ээлөө тартибин сактайт, колледждин курамына кирген бөлүмдөрдүн жетекчилерин дайындайт жана алардын компетенциясын аныктайт;

- кызматкерлерди сыйлоо жөнүндөгү маселени чечет;

- бардык түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишмердүүлүгүн өзү же буйруктун негизинде бекитилген комиссиялар аркылуу текшерүүнү ишке ашырат;

- орун басарларынын сураныч каты боюнча же өз демилгеси менен колледждин Ардак наамдары ыйгарылуучу тараптардын талапкерликтерин Педагогикалык кеңешке сунуштайт;

- өз компетенциясынын чектеринде ички эмгек тартип эрежелерин, түзүмдүк бөлүмдөр жөнүндө жоболорду, кызматтык нускоолорду жана башка локалдуу ченемдик-актыларды иштеп чыгат жана бекитет;

- ички эмгек тартибин бузган тараптарга дисциплинардык жаза колдонот.

**7.12.** Колледждин каржылык ресурстарын натыйжалуу пайдалануу боюнча чечимдерди координациялоо максатында директордун буйругу менен окуу жайда каржылык комитет

түзүлөт. Каржылык комитет Педагогикалык кеңеште бекитилген жобонун негизинде иш алып барат.

**7.13.** Колледждин дирекциясынын курамына төмөндөгүлөр кирет: директор, директордун орун басарлары, Педагогикалык кеңештин катчысы, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери.

**7.14.** Дирекция колледждин күндөлүк ишмердүүлүгүн камсыздайт.

**7.15.** Дирекциянын чечими директордун же директордун орун басарларынын буйруктары аркылуу ишке ашырылат.

## 8. Колледждин коомдук уюмдары

**8.1**. Колледждеги илимий-педагогикалык курамды, студенттерди, окуучуларды окуу-көмөкчү жана башка кызматкерлерди бириктирген коомдук, илимий уюмдар өз Жоболорунун негизинде аракеттенет. Колледждин коомдук уюмдары окуу жайдагы окуу, окуу-усулдук жана илимий иштерди жакшыртуу боюнча иш-чараларды өткөрүүгө, кызматкерлерди жана студенттерди тарбиялоого, маданий-турмуш тиричилик жактан тейлөөгө жигердүү катышат.

**8.2.** Студенттердин, окуучулардын жана кызматкерлердин арасында маданий-массалык, спорттук жана ден-соолукту чыңдоочу иш-чараларды өткөрүү үчүн колледждеги студенттик кеңеш, окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюмдары, өздүк көркөм чыгармачылык жамааттар, спорттук жана башка ыктыярдуу коомдор уюштурулат.

**8.3.** Колледжде жалпы адамзаттык дөөлөттөргө жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына каршы келүүчү уюмдарды, бирикмелерди, топторду түзүү үчүн болгон тараптардын аракеттерине тыюу салынат.

## 9. Илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясыны жогорулатуу

**9.1.** Колледж илимий-педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатууну аныкталган тартипте магистратура, аспирантура, докторантура аркылуу, Кыргызстандын, ошондой эле жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн жетектөөчү орто жана жогорку окуу жайларында, илим-изилдөө институттарында жана эл аралык фонддордо стажировкадан өткөрүү менен ишке ашырат.

**9.2**. Колледж өзүнүн, региондун жана мамлекеттин керектөөлөрүнө жараша илимдин түрдүү багыттары боюнча илимий даражалуу кадрларды аспирантурада жана докторантурада окутуу аркылуу өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша даярдайт.

**9.3.** Колледж илимий-педагогикалык курамга диссертациялык иштерин аяктоо үчүн 3,6,12 айлык мөөнөт менен илимий кызмат ордуна которулууга же акы төлөнүүчү чыгармачылык өргүүгө мүмкүнчүлүк берет жана илимий педагогикалык курамынын жана кызматкерлеринин илимий жана педагогикалык квалификациясын жогорулатууну уюмдардын жана жеке тараптардын каражатынын эсебинен да келишимге ылайык жүргүзө алат.

## 10. Илимий-изилдөө иштери

**10.1**. Колледждеги илимий-изилдөө иштеринин негизги максаттары жана милдеттери болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

- илимий-практикалык жумуштардын планын иштеп чыгуу жана алардын үстүндө илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү;

- окуу процессин илимий жана усулдук жактан камсыздоо;

- педагогика, табият таануу, гуманитардык, IT-технология, салттуу билимдер жана башка багыттагы актуалдуу маселелерди чечүү;

- окуу китептерин, окуу-усулдук, илимий-усулдук колдонмолорду жазуу, илимий-популярдуу басылмаларды даярдоо;

- илимий-усулдук, илимий-изилдөө иштерин аткаруу;

- диссертацияларды жазуу жана коргоого алып чыгуу;

- жаңы технологияларды жана башкаруунун жаңы формаларын окуу процессине, илимий-изилдөө иштерине жана экономикага киийрүү;

- адистердин илимий стажировкасын Кыргызстандын жана чет өлкөлөрдүн жетектөөчү жогорку жана орто окуу жайларында, илимий мекемелеринде, фирмаларында,бизнес-борборлорундо уюштуруу;

**10.2**. Колледж илимий-изилдөө жана чыгармачылык иштерин Педагогикалык кеңеш тарабынан бекитилген план боюнча жүргүзөт.

**10.3**. Илимий-изилдөө иштери төмөндөгү каражаттардын эсебинен каржыланат:-илимдин маанилүү багыттары боюнча фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү аткарууга мамлекеттик бюджеттен бөлүнүүчү каражат;

- келишимдик негизде окутуудан келип түшкөн каражаттын белгилүү бир бөлүгү;

- тармактык министрликтерден, ведомстволордон, ишканалардан, башка уюмдардан жана бирикмелерден (ошонун ичинде чет өлкөлүк) келишимдин негизинде алынган каражаттар;

- түрдүү фонддордон алынган каражаттар жана башка мыйзамдуу булактар.

**10.4.** Окутуучулар илимий-изилдөө иштерди аткарууга милдеттүү жана алар жекече пландарына киргизип, иштин түрлөрү, бөлүмдөрү, аткаруу мөөнөтү жана отчеттуулуктун формалары менен аныкталат.

**10.5.** Колледждин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана кеңейтүү максатында илимий-педагогикалык курамдын илимий-изилдөө иштери Кыргызстандын аймагында, ошондой эле чет өлкөлөрдө биргелешкен ишканаларды, окуу жана илимий-өндүрүштүк бирикмелерди, лабораторияларды, бөлүмдөрдү, борборлорду, фонддорду түзүүгө багытталат.

**10.6.** Окуу-илимий ишмердүүлүктүн негизги милдеттери төмөндөгүлөр болуп саналат:

- окуу китептерди, окуу-усулдук колдонмолорду, сөздүктөрдү, сүйлөшмөлөрдү жазуу жана басып чыгаруу;

- окуу китептерин, окуу колдонмолорун чет тилдерден которуу жана басып чыгаруу;

- окутуунун жаңы технологияларын үйрөнүү, иштеп чыгуу жана окуу процессине киийрүү максатында түрдүү эл аралык фонддор менен кызматташуу (долбоор жазуу, грант алуу ж.б.).

## 11. Эл аралык ишмердүүлүк

**11.1.** Колледждин эл аралык ишмердүүлүк багытындагы негизги максаттары жана милдеттери болуп төмөндөгүлөр саналат:

- эл аралык билим берүү тармактарында интегрцияланУУ;

- билим берүү, илим жана жаңы технологияларды өнүктүрүү багытындагы эл аралык тажрыйбаны окуп-үйрөнүү жана пайдалануу;

- эл аралык жана чет элдик ишканалар, мекемелер, жогорку жана орто окуу жайлар жана жеке тараптар менен илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо, кайра даярдоо, адистердин квалификациясын жогорулатуу жана илимий-изилдөө, илимий-практикалык ишмердүүлүктү өнүктүрүү боюнча түз байланыштарды, келишимдерди түзүү;

- чет элдик жарандарды окутуу;

- башка өлкөлөрдүн кесиптик орто окуу жайлары менен студенттердин, окутуучулардын, илимий кызматкерлердин академиялык мобилдүүлүгү боюнча иш алып баруу;

- колледж менен өлкөбүздүн жана чет өлкөлөрдүн кесиптик орто окуу жайларынын, чет мамлекеттердин Кыргыз Республикасындагы элчиликтеринин, Кыргыз Республикасынын министриликтеринин жана ведомстволорунун (ИИМ,ТИМ,ВКБ,УКК) ж.б. ортосундагы байланышты ишке ашыруучу протоколдуу иш-чараларды уюштуруу;

- чет өлкөлөрдө басылып чыккан окуу китептерин, окуу-усулдук жана илимий адабияттарды сатып алуу жана жайылтуу;

**11.2.** Колледж чет өлкөлөрдөгү билим берүү жана илим жаатында маалыматты чогултат жана талдайт.

## 12. Колледждин Уставын өзгөртүү тартиби

**12.1.** Колледждин Уставына өзгөртүү жана толуктоо киргизүү уюмдаштыруучунун чечими менен ишке ашырылат.

## 13. Колледжди жоюу жана кайра түзүү

**13.1.** Колледждин ишмердүүлүгүн токтотуу мыйзам чегинде белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

**13.2**. Колледждин ишмердүүлүгү уюмдаштыруучунун, соттун, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илими министрлигинин коллегиясынын чечимдери жана Кыргыз

Республикасынын мыйзамдарынын негизинде токтотулат.

**13.3**.Кредиторлорго акчалай суммаларды төлөп берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн тартипте жүргүзүлөт.

**13.4.** Колледж уюмдаштыруучунун чечими же буйругу менен жоюлат же кайра түзүлөт.

« Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык

колледжи»мекемесинин директору: Л.Муратова

Баткен облусунун Юстиция башкармалыгы
номерленгени, тигилгени жана мөөр
басылганы бардыгы 17 баракта
20 20 ж 23-декабря

Управление юстиции Баткенской области
Всего прошнуровано, пронумеровано
и скреплено печатью на ______ листах
______ года